**Нарын районундагы Казаалы Абиров атындагы орто мектебинде**

**өткөн жалпы ата-энелер чогулушунун**

**ПРОТОКОЛУ**

26-декабрь 2018-жыл

Чогулушка катышкандардын саны - 37

Чогулуштун жетекчилери:

К. Абиров атындагы орто мектебинин директору: С. Осмонов

Директордун орун басары : В. Өмүрова

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**1.\Окуучулардын каникул учурундагы коопсуздугу**

**2.2-чейректин жыйынтыгы**

**Чогулуштун жүрүшү:**

1-маселе боюнча К. Абиров орто мектебинин директору С. Осмонов сөз сүйлөп, азыркы учурда коомдо болуп жаткан жагымсыз көрүнүштөр, дин, диндин коомго тийгизген таасири , 2-чейректин жыйынтыгы тууралуу маалымат берди. «Азыркы учурда коомдо адам оюна келбей турган кылмыштар болууда. Адам сатуу, жаш балдарды зордуктоо сыяктуу. Бул эмне себептен улам келип чыгат. Ошондуктан каникул учурунда мугалимдер тарабынан түзүлгөн комиссия тарабынан балдардын коопсуздугун сактоо максатында кечки рейддер жүрөт. Кышкы каникул учурунда балдарыңыздардын коопсуздугу үчүн балдарды караңыздар, кечинде эшикке чыгарбаңыздар. Эгер балдар кечки 9 дан кийин кармалса штрафтар ата-энелерге салынат. Мунун баары эмне себептен Кайдыгерликтен,сабатсыздыктан. Урматтуу ата-энелер, бардык нерсеге кызыктар болуңуздар эгерде суроолоруңуздар болсо бериңиздер, суроого жооп алуу, көйгөйү болсо жеринде чечүү биздин биринчи максат болуп саналат. Кызыктырган суроолоруңуздар болсо бериңиздер, көйгөйдү бирге чечебиз. 2-чейректине жыйынтыгы боюнча айтсам билим сапаты 47 % , катыш 98%, азыр балдардын билимге болгон кызыгуусу күч, балдарга биргеликте жардам берели» Мектептин курулушу да быйылкы жылдын эсебинин бюджетке киргендиги тууралуу маалымат берип өттү.

Ата-энелер кызыктырган суроолорго да тиешелүү жооптор алынды.

## Токтом кылынды:

1. Мектеп окуучуларына, айыл элине зордук-зомбулук иштерин алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
2. Окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында майрам күндөрүнүн алдында мугалимдер тарабынан түзүлгөн комиссия кечки рейд жүргүзсүн. (кечки саат 9дан, 11ге чейин)
3. Кечки рейд учурунда балдар кечки саат 9дан кийин көзөмөлсүз көчөдө жүрсө, балдардын ата-энесине минималдуу айлык өлчөмүндө штраф салынсын
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Мектеп директору: Осмонов.С

Катчы: Жунусова,А